“Тарых жана мурас” түрмөгү

*“Тарых жана маданият жылы”*

# ТАЙЛАК БААТЫР

## ЭЛ ЧЕТИНДЕ, ЖОО БЕТИНДЕ

Кыргыз элинин чыгаан баатыры Тайлак Рыскул уулунун
(1796-1838)
220 жылдык
жана
залкар акын жана дастанчы Абдыкалык Чоробаевдин
(1896-1979)
120 жылдык
маарекелерине арналган

жумурияттык илимий-тажрыйбалык жыйындын

**МАТЕРИАЛДАРЫ**





Бишкек – 2016

«ТАРЫХ Ж АНА МУРАС» ТҮРМӨГҮ

*"Тарых жана маданият жылы"*

# ТАЙЛАК БААТЫР

## Эл четинде, жоо бетинде

Кыргыз элинин чыгаан баатыры
Тайлак Рыскул уулунун (1796-1838)
220 жылдык
жана
залкар акын жана дастанчы
Абдыкалык Чоробаевдин (1896-1979)
120 жылдык
маарекелерине арналган
жумурияттык илимий-тажрыйбалык жыйындын
МАТЕРИАЛДАРЫ

Бишкек – 2016

## МАЗМУНУ

АЛГЫ СӨЗ ........ 3

*Чоротегин Т. К.*

Тайлак баатыр – атажурттун тарыхый чегин сактаган залкар бабабыз ........ 3

**РАСМИЙ ДОКУМЕНТТЕР ЖАНА КАБАРЛАР**

Президент Алмазбек Атамбаевдин залкар тарыхый инсан Тайлак Баатырдын 220 жылдык маарекесине байланыштуу куттуктоосу ........ 19

Төрага Чыныбай Турсунбеков
Тайлак баатырдын 220 жылдык маарекесине катышты ........ 20

Премьер-министр Сооронбай Жээнбеков: "Тайлак Баатыр кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн чыңдалышына зор салым кошкон белгилүү ишмер".. ........ 21

**БИРИНЧИ БӨЛҮМ. ТАЙЛАК БААТЫРДЫН ӨМҮР ЖОЛУ ЖАНА ДООРУ ТУУРАЛУУ ИЛИМИЙ БАЯНДАМАЛАР ЖАНА МАКАЛАЛАР**

*Адылбекова Бекзада*

Кокон хандыгына каршы кыргыз элинин боштондук күрөштөрү ........ 23

*Акунов Аалыбек, Момунбаева Назира.*

ТАЙЛАК батырдын доору - кыргыз мамлекеттүүгүнүн тарыхындагы негизи баскычтардын бири катары ........ 25

*Анарбаева Гүлнара, Анарбекова Венера*

Тайлак баатырдын кокон хандыгы мезгилиндеги саясий ишмердүүлүгүнүн кошок ырларында айтылышы ........ 32

*Анарбекова Венера*

Тайлак баатырдын тарыхый булактарда изилдениши жана кытайлар менен болгон согушунун кошоктордо чагылдырылышы ........ 35

*Арзыбаев Тыныстан*

Тайлак баатыр ........ 39

*Байдилдеев Жумагул*

Көз карандысыздык үчүн күрөшкөн – тайлак баатыр ........ 42

*Батыралиев Адылбек*

Рахманкул хан – кыргыздын чыгаан инсаны ........ 45

*Беделбаев Аскар*

Тайлак баатырдын кыргыз элин баш коштуруу жана бардар жашоосун камсыздоо аракеттери (А. Чоробаевдин казалы боюнча) ........ 49

*Дүйшөналиев Б. Д., Самаков Р.*

Чомой баатыр ........ 52

*Жакыпбеков Жаныбек*

XIX кылымдын биринчи жарымындагы кыргыз элинин Кокон хандыгынын жана Цин империясынын баскынчылык жортуулдарына каршы күрөшүндөгү кол башчылардын орду ........ 55

*Жолдошов Рыскул*

Осмон Тайлак уулу – орус отрчулугуна каршы күрөшүүчү ........ 58

*Каратаев Олжобай*

Энесай кыргыздары жана монголдордун Алтан-Хандар мамлекетинин өз ара мамилелери (1567-1688 жж.) ........ 61

*Кененсариев Ташманбет*

Тайлак баатырдын тарыхый бейнесине айрым сүртүмдөр ........ 67

20. Мадаюев Н. Из истории антицинской борьбы народов Центральной Азии в 20-х гг. XIX в. // Пятая научная конференция « Общество и государство в Китае». Вып. 2. М, 1974.
21. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 1-китеп. - Б.: Учкун, 1993.
22. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 2 – китеп. - Б.: Учкун, 1993.
23. Сушанло М. Я., Гуревич Б. П., Плоских В. М, Супруненко Т. П. Против маоистских фальсификаций истории Киргизии. - Ф.: Кыргызстан, 1981.
24. Тоголок Молдо. Тарых. Түпкү аталар // Китепте: Кыргыздар, 1993. – 2-том
25. Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. "Эл адабияты сериясы". 19-том. Баш сөзүн жазгандар Б. Кебекова, А. Акматалиев // Кол жазмалар фондусу. Инв. 32 (224). . - Б.: Шам, 2002.
26. О. Ибраимов. Тарыхты өзгөрткөн тагдырлар: ырчы Арстанбек // Тарых жана мурас түрмөгү. "Кийик болбой, бийик бол" (1824-1878)/ Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына арналган жыйнак. - Бишкек, 2014.
27. Осмоналиев К. Көчмөндөр кагылышы. - Бишкек, 1993.
28. Чоробаев А. Тайлак баатыр. - Фрунзе, 1959.
Хасанов А. Х. Народные движения в Киргизии период Кокандского ханства. - Москва, 1977.

***Анарбекова Венера,***
ЖАМУнун окутуучусу

## ТАЙЛАК БААТЫРДЫН ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРДА ИЗИЛДЕНИШИ ЖАНА КЫТАЙЛАР МЕНЕН БОЛГОН СОГУШУНУН КОШОКТОРДО ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Тайлак баатыр тууралуу маалыматтар кытайдын жазууларында [Кузнецов, 1983], тарыхый эмгектерде [Солтоноев, 1993: 1-китеп; Аттокуров,1994; Закиров, 1996; Тоголок Молдо//Китепте: Кыргыздар, 1993. – 2-том; Валиханов, Т.3, 1986], илимий макалаларда [Асанов, 1991; Сатыбалдиева, 1990], фольклордо [Абдырахманов. Тайлак баатыр. Кол жазмалар фондусу. Инв № 120 (323); Чоробаев. Тайлак баатыр. Кол жазмалар фондусу. Инв. № 28 (221), № 32 (225)] жана көркөм чыгармаларда [Чоробаев, 1959; Осмоналиев, 1993; Бейшеналиев, 1998] кеңири кездешет. Тарыхчылар Б. Жамгырчинов [Джамгерчинов, 1966], К. Үсөнбаев [Усенбаев, 1961], С. Аттокуров [Аттокуров, 1994], А. П. Хорошхин [Хорошхин,1876], А. К. Гейнс [Гейнс, 1870], Н. О. Пантусов [Пантусов, 1876, - № 16, 17], М. А. Алибеков [Алибеков, 1903], Р. Н. Набиев [Набиев, 1973], Д. Тельятников., А. С. Безносиков [Тельятников., Безносиков, 1848], А. Кун [Кун, 1876;], В. М. Плоских [Плоских, 1968], Т. К. Кененсариев [Кененсариев, 1997], Ж. Алымбаев [Алымбаев, 2015], Ш. Базарбаев [Базарбаев, 2001] ж.б. жазгандарына караганда Кокон хандыгы элден 18ден ашуун салыктарды жыйнап турушкан. Алардын сулуу кыз, келиндерди мал-мүлктөрдү олжолоп, хан ордосуна алышын өз көзү менен көрүп турган 13 жаштагы Тайлактын жүрөгүн сыздаткан.

Алык-салыктардын эбегейсиз көбөйүшү элдин эзилүүсүнө, түбөлүк карызга батышына алып келген. Натыйжада, кедей чарбалар зекет таап бере албастан, карызын төлөө үчүн өз уулдарын жана кыздарын бай адамдардын колуна малай катары берген учурлары көп кездешет [Авторсуз. Сведения о дикокаменных киргизах // Записки РГО. – Ки. V.-СПб.,1851. – 153].

Ы. Абдырахмановдун кол жазмасында кичинекей Тайлактын эл аралап жүргөн кокондуктарды жактырбагандыгы айтылат. Ушул көрүнүштөн тартып анын ар-намысы ойгонуп, эл-жерин душмандардан коргоону өмүрүнүн башкы максаты катары эсептейт.

Көркөм чыгармалардагы образга кайрылсак: А. Чоробаевдин казалында Тайлактын биринчи эрдиги сулуу кыз-келиндерди, жаш уландарды кокондуктарга айдап бараткан жерден башталат. Ичинен жактырып сүйүп жүргөн Барпыжан (Барпыгүл) да хан ордого кетүүчүлөрдүн ичинде болгон. Зордук-зомбулуктун айынан 14 жаштагы кыз үмүтү өчүп арман кошокко көз жашын төгөт.

Мен – ордо кызга барганымча,
Тирүүлөй теңдигимден калганымча.
Канетип, ай желдеттер, тирүү жүрөм.
Жүрөккө болот канжар сайммайынча.
Эр Тайлак айгакчыдан ажыратаар,

Күн барбы шоола бизге чачыратаар.
Үйүндө баш калкалап жатып калса,
Ким деген шордуулардын башын ачар? [Акматалиев, 1999: 76]

Ал эми С. Аттокуровдо кыз менен баатыр аң улоодон кездешип, "шыралга" сураган кыздын сулуулугуна суктанып, айылына тие кеткен.

Барпыжандын кошогу баатырды намыстантып, Тайлак кырк жигити менен алдынан тосуп. кокондук сарбаздардан "кыргыз жерин экинчи баспайбыз" деп ант алып, жөө-жалаң Коконго айдап, Мадали ханга кысым көрсөтүүсүн токтотсун деген шарт коёт.

Ш. Бейшеналиевдин чыгармасында балалык эрдиги катары калмактар менен кагылышууда билинип, кол башчысы Хунте баатыр менен беттеше калып, кандайдыр бир сыр колдоп Хунтенин Керкашкасы үркүп кеткенинен пайдаланып, Тайлак кылыч менен маңдайын жара чапкан. Бала баатырдын эрдигин салтанаттап, ай туяк ак боз бээ союлуп түлөө өткөрүлгөн. Ал кошокто төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

Майыстан, Терек жердеген,
Баатыр Тайлак эр деген.
Бала жолборс атанып,
Баңсат келип жеңбеген.
Туткуй, Терек жердеген,
Туйгун Тайлак эр деген.
Туулгандан туу камдап,
Душманга намыс бербеген [Акматалиев., Егембердиева,19 том, 2002: 216 //Кол жазмалар фондусу. Инв. 32 (224)].

Циндик кытай армиясы «Кичи Бухараны» (Кашкарды) басып алып, анын башчысы Аппак кожонун эки уулун (Айкожо, Күнкожо) аябай кыйнап өлтүрүшөт. Күнкожонун Сарымсак деген уулунун үч баласы Кабулда (Ооганстанда) өсүп, билим алып жүрүшкөн жана алар аман калышкандыгы жөнүндөгү маалыматтарды тарых бактарынан кездештирүүгө болот.

Биринчиден – кытайлыктар менен согушунун эл аралык мааниси бар болгон.

Экинчиден - Тайлак менен Атантай XIX кылымдын 20-жылдарында Цин империясынын чекесине чыккан чыйкан болгон [Аттокуров, 1994: 32].

Үчүнчүдөн – кожолордун кыймылына катышып, аты-жөнү кытай документтеринде сакталып калган [Кузнецов, 1983; Валиханов, Т.3; Гуревич, 1979].

1820-жылы Омор хан дүйнөдөн кайтат, андан соң Сарымсак кожо да көз жумат. Сарымсактан үч бала: Мед-Юсуф кожо, Пахаведдин кожо жана Дженгир кожо (Жаангер же Жахангир) кожо Кашкардын тарыхында чоң роль ойнойт [Алымбаев, 2015:129].

Жашынан чечкиндүү, кайраттуу өскөн Жаангер кожо Кокондон качып, Ички Теңир – Тоолук кыргыздарга келип, ал жердеги кыргыздарды кытайлыктарга каршы үгүттөгөн. 1820 жылы жайында ал ондогон жигиттери менен Тайлактын айылына келет [Аттокуров, 1991. - №12].

Тарыхый булактар боюнча 1820-жылы Жаангир кожонун желдеттери менен Тайлактын 40 чоросу кытай чек арасын бузуп, Кашкарга кирип барышат. Тайлак жана башкалар Жаангирдин Кашкарга "ата-бабаларынын мурасын" мусулмандарды капырлардан "бошотуу" үчүн болгон күрөшүнө катышууга макулдук берген [Аттокуров, 1994: 32]. Кашкардан кыргыздар, өзбектер көтөрүлүш чыгарышып, бирок ал чаржайыт болуп калып, Жаангир менен Тайлак чегинүүгө аргасыз болушкан. Ч. Валихановдо болсо, Атантай менен Тайлак кожонун ишенимдүү адамдарынан болгон: "Жаангир кожо кыргыздардын саяк уруусунун башчылары Тайлак менен Атантайдын эрдиктерине суктанган" [Валиханов. Том 3. 1986: 141]. "Нарын дарыясынын жогорку жагында Атантай менен Тайлактын колдоосу астында Жаангир кожо Кашкарга жаңы жортуулга даярданып, ошол эле учурда тез-тез цинь чек арасына кол салып турган" [Гуревич, 1979: 248] – дейт Б. Гуревич аталган эмгегинде. Ошондой эле бул окуяны кошок ырлары да далилдейт:

Карадан төрө чыкты деп,
Кармашкан жоосун жыкты деп.
Кашкардан кара туу келген,
Карышкырга уу берген.
Кайран Тайлак сен өңдүү,
Кыргызда баатыр болбогон.

Кытайдын жолун торгогон [Акматалиев., Егембердиева. 19 том, 2002: 217 // Кол жазмалар фондусу. Инв. 32 (224)]

Демек, Сарымсактын уулу Жаангир кожо Бадахшан акиминин кызына үйлөнөт да, Теңир тоолук кыргыз төбөлдөрү менен байланышып, аларды кытай каапырларынан Кашкарды бошотуу үчүн жортуулга биргелешип чыгууга чакырат. Жаангирдин максаты Чыгыш Түркстанда ислам мамлекетин түзүп, ата баба мурасын калыбына келтирүү болгон. Кожонун максатын колдогон Тайлак баатырдын да өзүнчө ой максаты бар болучу. Жаангирдин Бадахшандан алган 2000 аскерине таянып, агрессивдүү, оторчул коңшунун талоончулугунан кутулуу болгон. Себеби, Кытай тарабынан «чек араны текшерүү» деп аталган аскердик рейддер бат-бат кайталанып, чек арага чукул жашагандарды талоого алып тынчын кетирип турушкан. Кыргыз - кытай чек араларында майда жаңжалдар болуп турган. Булар элдин кыжырын келтирген. Тайлак баатыр ошон үчүн Жаангир кожо менен Кашкарды каратып алууга катышат.

Б. Солтоноевдин билдирүүсүнө караганда Кашкар акими Юн Цин Тайлак менен Жаангирди кармап келүү үчүн 1825-жылы генерал Баянбатуну 600 аскери менен жиберет [Солтоноев. 1 китеп, 1993: 191].

Ш. Бейшеналиевдин баянында, Суранчы бийдин баатырдын атасы Рыскул бийге кураң окутуп келиши, Кашкардан капырларды кубалап чыгып, көтөрүлүштүн башчысы Жаангир кожону Чатыр-Көлдө тосуп, чабуулга өткөндөрү, жеңилиштери, акимдин орун басары Сэ Ну Эйдин мыкаачылыгы, кытайларга Тайлактын "жол көрсөтүү" тактикасы генералдын аскерлерин кыргынга учуратышы тууралуу баяндайт.

Ал эми акын А. Чоробаевдин казалында окуя таптакыр башка сүрөттөлөт. Кашкардан качып келген Жаангир элдин ишенимине кирип, Тайлактын айылына токтоп, эч нерсе менен капары жок жыргап жатып калат.

Б. Солтоноевде: кыргыздар кытайлар менен үч күн согуш кылып, Арпа менен Нарындын ортосундагы Кароо деген капчыгайга кытайларды камап алган. Кытайлар буга чыдай албай бирин-бири кылычтап, өздөрүн өздөрү да өлтүрүшкөн. Тайлактын үйүнө камалган калың катын-кыздын жакшыларын кытайлар бөлүп, жамандарын (өңү серт) бир башка бөлүп чекесинен өлтүрө баштаган. Бул согуш тууралуу эл арасында:

Туткуй толгон эл деген,
Туйгун Тайлак эр деген.
Майстан толгон эл деген,
Баатыр Тайлак эр деген.
Тайлак минди буурулду,
Тамандары туурулду.
Таталаган кытайлар, (көп санда)
Баары бүткүл кырылды [Солтоноев. – 1 китеп, 1993: 192].

Кыргыздардын манжу-кытайларды жеңиши Жаангир кожону таң калтырган [Гуревич, 1979: 248].

Генерал Баянбатунун кыйрашы [Сушанло., Гуревич., Плоских., Супруненко, 1981], Атантай менен Тайлак элдик коргонуу кыймылынын жетекчилери катары таанылганы [Мадаюеев, 1974: 208-212] эмгектерде көрсөтүлгөн.

Императордун атайын буйругу менен Тайлакты кармап берген, же өлтүргөн адамга көп алтын күмүш сыйлык жарыяланган. Бирок кийинчерээк жергиликтүү көтөрүлүшчүлөрдү басуу үчүн кытай императору Ху Ли *манифестте: "Баянбату Тайлак баатырдын үй-бүлөсүн мууздап* акылсыздык кылган, ошол себептүү улуу император Тайлактын күнөөсүн кечирет" [Кузнецов, 1983] – деп жарыялаган. Бул жеңиш Тайлакка зор атак алып келет, ошону менен бирге кыргыз жерин тартып алууга көз арткан кытай төбөлдөрүн сестендирет, кыргыз жеринин бүтүндүгү сакталып калат. Чынында саясий да жеңиш болгон./Тарыхтагы маалыматтар белгилегендей, Тайлактын кытайлардын үстүнөн жеңишке жетиши: биринчиден - чек араны таанууга түртүп, императорду тынчсыздандырып, чек араны чыңдоого көңүлүн бурган;

Экинчиден - эл аралык мааниге ээ болуп, баатырдын даңкы Кокон, Хива, Бухара, Ооганстан, орус, казак жерлерине жеткен;

Омбудагы орустан,
Белекке канжар келгенде,
Ооматты кудай бергенде,

Отуздагы курагың,

Оогандын элин сурадың [Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. 19 том, 2002: 218//Кол жазмалар фондусу. Инв. 32 (224)].

Үчүнчүдөн - кичинекей уруулардан турган отряддарды дагы чыңдоого түрткөн, кыргы эли да күчтүү куралданган аскерге каршы тура аларын далилдеген;

Төртүнчүдөн - убактылуу болсо да элдин бейкутчулукта жашаганына мүмкүнчүлү түзгөн.


Айрым материалдар боюнча [Закиров, 1996: 126] Тайлак Кашкарды урушсуз алы хандык кылып, Бегимай чүрөккө үйлөнгөн, уулу Осмон ушул айымдан төрөлгөн. 1941 жылы Чоробаевден төмөндөгүдөй кошок жаздырып алынган жана бул окуя жогорудагы маалыматт ырастайт:

Кан атам соога минүүчү,
Кара буурул ат калды.
Атыңды кармап минүүгө,
Артыңда Осмон жаш калды.
Каргылуу найзаң бош калды
Кармарга balаң жаш калды [Акматалиев., Егембердиева.19 том, 2002: 218//Кол жазмалар фондусу. Инв. 32 (224)].

Тайлак, Бүргө жана Балбай – үч баатырдын өлүмүндө жалпылыктар бар. Биринчиси - уудан каза табышат, экинчиси – кокондук жана орус төбөлдөрү "биреөнүн колу менен чок кармоо", табигый өлүм саясатын жүргүзүштү, үчүнчүсү - 3 баатыр тең кармашып казатта окко учушпаган армандары. Балбай баатырдын сыр найзасы, айбалтасы, кылычы, кара келтеси атайы уста тарабынан өзүнө жасалып, тартуу кылынган. Ал эми Тайлак баатыр темир таштан атайын жасалган көк албарс аттуу кылычы менен нечен жоону жеңген [Акматалиев, 1999: 95-96].

Ушундай алдоо жолу менен Тайлак баатыр өлтүрүлүп, Кокон хандыгы кайрадан Куртка чебиндеги бийлигин калыбына келтирди. Чептин жаңы коменданты Мамразык Тайлактын уулу Осмон менен туугандык мамилесин түзүп, ага пансат (полковник) жана датка наамын берген. Осмон ар дайым 500 жигити менен комендanттын кызматында болгон [Дуйшеев, 1986: 32]. Тайлак баатыр башка баатырлардай болуп, уруу-уруу ортосундагы жаңжалдарга, согуштарга катышкан эмес. Ал болгону сырткы гана душмандар (кытай, калмак, кокондуктар) менен кармашып, тарыхта эбейгесиз өз орду бар азаттык үчүн күрөшкөн стратег болгон.

Саяктардын жалпы упааны Көкө, Кара-Тал, ал эми XVIII – XIX кылымда Садыр, Тайлак. Тамгасы



Биринчи, экинчи тамгалары Саяк тамгасы, үчүнчүсү Кайчы тамга деп аталган [Аттакуров, 1995: 101]. Демек, Тайлак баатырдын учурунда өз урруусунун эн тамгасы болгондугунан кабар берет. Анткени, ар бир уруктун же атанын балдарынын өзүнчө тамгалары болгон.

Демек, кыргыз элинин биримдиги үчүн канжыгага башын байлаган Тайлак баатырдын азаттык жана мамлекеттүүлүк үчүн болгон согуштук жана дипломатиялык мамилелери кошок ырлары аркылуу далилденди.

**Колдонулган адабият:**


1. Аттокуров С. Тайлак баатыр. - Бишкек, 1994.
2. Абдырахманов Ы. Тайлак баатыр. Кол жазм алар фондусу. Инв № 120 (323); Чоробаев А. Тайлак баатыр. Кол жазмалар фондусу. Инв. № 28 (221), № 32 (225).
3. Асанов Т. Тайлак баатыр // Мурас. -1991. - №1; Сатыбалдиева // Ленинчил жаш. – 1990. – 13-март. ж.б.
4. Абдырахманов Ы. Тайлак баатыр. Кол жазмалар фондусу. Инв № 120 (323)
5. Акматалиев А. Көркөм чыгарма жана тарыхый баатыр инсандар. - Бишкек, 1999.
6. Акматалиев А., Егембердиева С. Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуялар. 19 том. - Бишкек, 2002; 218//Кол жазмалар фондусу. Инв. 32 (224).
7. Бейшеналиев Ш. Тайлак баатыр. - Бишкек, 1998.
8. Гуревич Б. Международные отношения Центральной Азии (в XVII – первой половине XIX в). - Москва: Наука, 1979.
9. Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Бишкек , 1996
10. Мадаюеев Н. Из истории антицинской борьбы народов Центральной Азии в 20-х гг. XIX в. //Пятая научная конференция « Общество и государство в Китае» Тезисы и доклады. Вып. 2. - М, 1974.

11. Кузнецов В. С. Цинская империя на рубежах Центральной Азии. - Новосибирск –Наука. – 1983.
12. Кыргыз тарыхы энциклопедия. - Бишкек, 2003.
13. КР УИАнын кол жазмалар фондусу. Инв. 32 (224).
14. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 1 китеп. – Бишкек: Учкун, 1993.
15. Сушанло М. Я., Гуревич Б. П, Плоских В. М, Супруненко Т. П. Против маоистских фальсификаций истории Киргизии. - Фрунзе.:Кыргызстан, 1981.
16. Тарых жана мурас түрмөгү. "Кийик болбой, бийик бол" (1824-1878) Арстанбек Буйлаш уулунун 190 жылдыгына арналган жыйнак // О. Ибраимов. Тарыхтың өзгөрткөн тагдырлар: ырчы Арстанбек, макаласында. - Бишкек, 2014.
17. Осмоналиев К. Көчмөөндөр кагылышы. - Бишкек, 1993.
18. Чоробаев А. Тайлак баатыр. - Фрунзе, 1959.

***Арзыбаев Тыныстан,***
КУИАнын Тарых жана маданий
мурас институтунун илимий
кызматкери

## ТАЙЛАК БААТЫР

Кыргыздын тарыхында баатыр деген наамы бар Тайлак баатыр тууралуу тарыхый материалдарды биз Тоголок Молдонун кол жазмаларында болгондугу айтылып келишет бирок тилекке каршы бул кол жазма дарексиз болсо да унутулбай элдин эсинде муундан – муунга өтүп сакталып адабий чыгармаларда сакталып бизге жеткендигинин өзү эле чоң тарых катары карасак болот. Тайлак баатыр тууралуу маалыматтар кытай жазма булактарында сакталып калгандыгын билебиз .

18-кылымдын аягы. 19-кылымдын башы кыргыз элинин оор жапа тартып "кайда барса жамайдын көрү" болуп турган кези. П. И. Семенов-Тянь-Шаньскийдин туура баалоосуна Караганда кыргыздар барскан менен дешүнүн ортосунда калган. "Калмак мурасы" деп аталган чырдан улам циндик кытай жарым кылымдан ашык кыргыз жерин өзүнүн аймагы, кыргыз элин өзүнүн букарасы катары карап, чек ара аскерлерине "аймакты көзөмөлдөө" деп аталган шылтоо менен көлдүк кыргыздарды талап тоноп турган. Ал эми жаңыдан күч алып келе жаткан Кокон хандыгы кыргыздардын жерин биринин артынан бирин басып алып, орто кылымдык оор эзүүнү орноткон. Бирок, кытай Багдыханы кыргыздардын кокондуктардан, ал эми Кокон ханы кыргыздарды кытайлардан коргоону ойлоп да коюшкан эмес. Эки тарап тең өзүлөрүнүн казынасын кыргыздардын эсебинен толуктоонун гана камын көрүшкөн. А түгүл бул чатактар "дипломатиялык" урушка да алып келген. Эки кылымдын тогошунда жалпы эле Орто Азияга дүйнөнүн эки колониялык империясы көз кырын сала баштаган. Анын бирөө Россия Түндүк Азияны бүт каратып бүтүп, өзүнүн казак кошундарын жунгар дарбазасына алып келип киргизип, Илиден жана Кастектин белинен Азиянын жүрөгүнө көз чаптырып турган. Аны Британ империясынын түндүктү карай жылышы өтө тынчсыздандырган. Ал эми Индостан жарым аралын дээрлик басып алган жана бирөөнүн колу тургай көзү тийишин каалабаган англичандар окуянын кайсы тарапка өсүшүн өтө кызыгуу менен байкап турушкан. Орус аюусу менен Британ арстаны Азиянын жүрөгү үчүн кандуу кармашка даяр эле. Бирок, андай аракеттен аларды "бөлүп алып бийлей бер" деген саясат жоошуткан, Акыры "сен мага тийбе, мен сага тийбейм" урааны ишке ашып, Гиндикуштун аркы бетин англичандар, берки бетин орустар ээлеп тынгандары баарыга белгилүү.

Дал ушул эл аралык саясий кырдаалда ат жалын тартып мингендердин бири Теңир Тоонун адепки тургундарынын тукуму, ата-бабалары күн баткан жердин деңизине чейин чаап жеткен согушчандардын тукуму Рыскулдун кенжеси Тайлак эле. Заманында жер жайнаган кол менен Гиндикушту алып түшкөндөр, Кир менен Александр Зулкарнайдын колу токтоткон [illegible]дын (шаашдардын) чачырандысынын бири дешет карылар. Андай чындыктын үлүшү [illegible]. Саяктар Чыңгыз хандан да, Темирден да, калмактардан да качкан эмес. Алар көп, [illegible]түү душмандан табият куруп берген, эчен бир жоо буза албаган чебине – Тогуз-Торого кире [illegible] кутулушкан жана ага окшогон майда чептерин эч кимге беришкен эмес. Бирок,